Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетине
караштуу Мамлекеттик
кызмат жана жергиликтүү өз
алдынча башкаруу иштери
боюнча мамлекеттик
агенттигинин
_________№_____буйругуна
1-тиркеме

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерин чечүүгө жергиликтүү жамаатты тартуунун Типтүү Планы**
**(коомдук-коммуникациялык стратегиясы)**

1. Жалпы жоболор
2. Жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жергиликтүү жамаатка маалымдоонун тартиби
3. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуунун формалары
4. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу Планын иштеп чыгуунун тартиби
5. Пландын ишке ашыруусуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1.1. Бул Типтүү План (мындан ары - План) Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2024-2028-жылдарга карата программасына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Жергиликтүү аткаруу органынын буйругу менен бекитилүүчү жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуунун Планы жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жергиликтүү жамаатка маалымдоонун тартибин, жергиликтүү жамаатты тартуунун формалары, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жергиликтүү жамаатты тартуунун Планын иштеп чыгуунун тартибин жана Планды ишке ашыруу боюнча мониторинг жана баалоону жүргүзүү системасын аныктайт.

1.3. Пландын максаты “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 27-беренесинде көрсөтүлгөн жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоо жана чечүү процесстерине жергиликтүү жамаатты тартуу болуп саналат.

1.4. План Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана жергиликтүү жамааттарынын конституциялык укуктарын коргоо принциптерине

негизделип, алардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө так жана толук маалыматты өз убагында алууга, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүүгө, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процессине жарандардын катышуусуна болгон укугун камсыз кылат.

1.5. Жергиликтүү жамааттар жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга коомдук жана мамлекеттик маселелерди, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жыйындарында (чогулуштарында), курултайларында эрк-ниетин тике билдирүүнүн башка формаларында талкуулоо формасында катышат.

1.6. Жергиликтүү маанидеги маселелер "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен белгиленет жана ушул Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен өзгөртүлүшү жана/же токтотулушу мүмкүн.

## 2-бөлүм. Жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жергиликтүү жамаатка маалымдоонун тартиби

2.1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында көрсөтүлгөн жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жарандарга маалымдап турууга милдеттүү.

2.2. Жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жарандарга маалымдоо бардык жеткиликтүү ыкмалар менен жүргүзүлүшү керек, анын ичинде:

1) жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин ЖӨБ органынын расмий
сайтына жайгаштыруу;

2) жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин ЖӨБ органынын маалымат такталарына жайгаштыруу;

3) жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жарандарга ЖӨБ органынын социалдык тармактардагы баракчалары аркылуу маалымдоо;

4) коомдук иш-чараларда (жыйындарда, курултайларда, бюджеттик угууларда ж.б.) жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жарандарга маалымдоо.

2.3. Планды ишке ашыруунун бардык этаптарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча милдеттерди жана чараларды талкуулоого жергиликтүү жамааттын кеңири тартылышы камсыздалууга тийиш.

2.4. Жергиликтүү жамаатты кеңири маалымдоо жана тартуу, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча милдеттерди жана

чараларды талкулоо максатында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жарандардын демилгелүү топторун, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жумушчу тобун түзүү сунушталат.

2.5. Жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө маалымат жарым жылда бир жолудан кем эмес жаңыланып турушу тийиш.

## 3-бөлүм. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуунун формалары

3.1. Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууга, анын ичинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эки ыкма менен жүргүзүлөт: өкүлчүлүктүү жана түздөн-түз катышуу.

1) Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга, анын ичинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылат.
2) Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга түздөн-түз катышуусу:
   - коомдук жана мамлекеттик турмуштун маанилүү маселелерин жана жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жыйындарында (чогулуштарында) талкуулоо;
   - коомдук жана бюджеттик угууларга катышуу;
   - жергиликтүү демилгелерди көтөрүү жана жергиликтүү жамааттардын демилгелерине катышуу;
   - аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун ишине катышуу;
   - ченем жаратуу демилгесин көрсөтүү;
   - жергиликтүү курултайларга катышуу;
   - шаар жана айыл аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын иштеп чыгуусуна катышуу;
   - жана мыйзамдарда тыюу салынбаган башка формаларга катышуу.

3.2. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди талкуулоого жана чечүүгө тартуунун формалары:

- **Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жыйындары (чогулуштары) жана коомдук угуулар:**

Маанилүү маселелер боюнча жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин эске алуу, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын маалыматтарын угуу жана талкуулоо максатында бир көчөнүн, бир кварталдын, кичи райондун же айылдын аймагында жашаган жергиликтүү

жамааттын мүчөлөрүнүн катышуусу менен жыйындар (чогулуштар), коомдук угуулар өткөрүлөт жана алар боюнча сунуштар кабыл алынат.
*(“Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамы)*

**Коомдук бюджеттик угуулар:**

Аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын демилгеси боюнча калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен сунуштарды жана чечимдерди кабыл алуу үчүн кезектеги бюджеттик жылга жана пландаштыруу мезгилине бюджеттердин долбоорлорун түзүүгө, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткарууга байланышкан маселелерди ачык талкуулоо түрүндөгү иш-чара.
*(“Кыргыз Республикасынын жергиликтүү бюджеттери боюнча коомдук бюджеттик угууларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча методикасы”)*

**Жергиликтүү демилгелер:**

Жергиликтүү маанидеги бир же бир нече маселелерди чечүүгө багытталган жана жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, башка жеке жана юридикалык жактар тарабынан демилгеленген долбоор, идея жана башка демилгелер.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди колдоо жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн, алардын бирикмелеринин, башка жеке жана юридикалык жактардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан жергиликтүү демилгелерди каржылоо жолу менен жигердүү катышуусуна түрткү берүү максатында жүзөгө ашырылат.
*(“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү демилгелерди тандоонун жана каржылоонун тартиби жөнүндө Типтүү Жобо”)*

**Жергиликтүү жамааттын демилгеси:**

Регионалдык өнүктүрүү фонддорунан каржылоо максатта тиешелүү шаарда же айыл аймагында жашаган жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жана (же) аталган аймакта иш алып барган жеке ишкерлердин жана юридикалык жактардын иш-аракеттери. Жергиликтүү жамааттын жашоо шарттарын жакшыртууга багытталган долбоорлорду сунуштоо, алгачкы талкуулоо, алдын ала тандоо жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кароого киргизүү боюнча иш-аракеттер.

**Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу (АКӨБ):**

Айыл аймагынын же шаардын бир бөлүгүндө жашаган жери боюнча жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча өз алдынча чечим кабыл алуу жана өз демилгеси боюнча өз жоопкерчилиги менен ишке ашыруу үчүн өз алдынча иш алып баруусу.
*(“Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамы)*

**Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн ченем жаратуу (элдик) демилгеси:**

ЖӨБ субъекттеринин (жергиликтүү кеңештердин депутаттары, жарандардын демилгелүү топтору ж.б.) ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун жергиликтүү өкүлчүлүктүү органдарга кароо жана кабыл алуу үчүн сунуш кылуу укугу. Бул демилге жергиликтүү жамааттарга алардын түздөн-түз кызыкчылыктарына тиешелүү чечим кабыл алууга таасир этүүгө мүмкүндүк берет. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн тартуу бул ЧУАлар тиешелүү болгон жактардын пикирлерин, каалоолорун жана кызыкчылыктарын чагылдырган кыйла сапаттуу ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга жардам берет. Катышуу жарандардын ЖӨБ органынын иши жөнүндө көбүрөөк кабардар болуусуна алып келет, кабыл алынган мыйзамдарды аткаруу ыктымалдыгын жогорулатат, бул чечимдерди коомдук колдоону кеңейтет жана келечекте чыр-чатактардын мүмкүнчүлүгүн азайтат.

*("Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Жергиликтүү жамааттын Типтүү Уставы)*

**Курултайлар**:

Тиешелүү аймактын коомдук өнүгүүсүнүн багыттары боюнча сунуштарды берүүчү коомдук-өкүлчүлүктүү чогулуш.

*("Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамы)*

**Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы:**

Калктын турмушун жакшыртууга жана аймактын өнүгүү деңгээлин жогорулатууга багытталган комплекстүү план, анын ичинде учурдагы кырдаалга талдоо жүргүзүү, максаттарды жана милдеттерди аныктоо, ошондой эле конкреттүү муниципалитеттин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бул максаттарга жетүү боюнча конкреттүү иш-чараларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу жана болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен конкреттүү көйгөйлөрдү чечүү.

*(Шаарлардын жана айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн методикалык колдонмо)*

**Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка формалары (электрондук петициялар, он-лайн добуш берүү, кайтарым байланыш боюнча платформалар ж.б.).**

## 4-бөлүм. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу планын иштеп чыгуунун тартиби.

4.1. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу планын иштеп чыгуу максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси башында турган жумушчу топ түзүлүшү тийиш.

4.2. Жумушчу топтун курамы ЖӨБ органынын башчысынын буйругу менен бекитилет.

4.3. Жумушчу топ 7 (жети) кишиден кем эмес жана төмөнкү курамда түзүлөт:

- 3/1 бөлүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлдөрү;
- 3/1 бөлүгү жергиликтүү кенештин депутаттары (макулдашуу менен);
- 3/1 бөлүгү жергиликтүү жамаатын өкүлдөрү.

4.4. Жумушчу топтун курамында 30 пайыздан кем эмес бир жыныстагы өкүлдөр, ошондой эле жергиликтүү жамааттын этникалык азчылыктарынын, майыптардын жана башка социалдык топтордун өкүлдөрү кириши керек;

4.5. Зарыл болгон учурда Планды иштеп чыгуу процессине башка муниципалдык кызматчылар, айылдык аймактын/шаардын аймагында жайгашкан уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин жетекчилери жана башка кызыкдар адамдар тартылышы мүмкүн.

4.6. Жергиликтүү жамаатты тартуу планын иштеп чыгууда төмөнкүлөр эске алынууга тийиш:

- “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелер;
- жергиликтүү жамаатты өнүктүрүү программалары жана пландары (СЭӨП ж. б.);
- тармактык мамлекеттик программалар (ЖӨБ органдарынын компетенциясына тиешелүү бөлүгүндө);
- жамааттын муктаждыктарын иликтөөнүн жүрүшүндө аныкталган жергиликтүү жамааттын артыкчылыктуу маселелери, учурдагы кырдаал, коомдук мониторингдин жана баалоонун натыйжалары;

4.7. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу планын иштеп чыгууга катышкан жумушчу топтун мүчөлөрү талдоону 4.6-пунктчанын талаптарын эске алуу менен жүргүзөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын административдик, материалдык жана финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен планга киргизүү үчүн зарыл болгон жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин аныктайт.

4.8. Жумушчу топтун мүчөлөрү жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу планынын төмөнкүдөй негизги

багыттары боюнча конкреттүү иш-чараларды жана аларды аткаруу мөөнөттөрүн иштеп чыгышат:

жергиликтүү маанидеги маселелер жөнүндө жергиликтүү жамаатка маалымдоо (маалымдоо ыкмалары, коммуникация каналдарын аныктоо, иштин аткарылышы үчүн жооптуу мезгилдүүлүк, ишти аткаруу үчүн зарыл ресурстарды аныктоо ж. б.);

жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу (ушул планда көрсөтүлгөн тартуу методдору, иш-чараларды өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү, иштерди аткаруу үчүн зарыл ресурстарды аныктоо, иштерди аткаруу үчүн жооптууларды аныктоо ж. б.);

жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча калктын проблемалары жана сунуштары боюнча жергиликтүү жамааттан маалыматтарды системалуу чогултуу (маалыматты чогултуу жана иштеп чыгуу үчүн жооптуу болгон маалымат чогултуу ыкмаларын аныктоо, маалымат чогултууну жүргүзүү үчүн зарыл ресурстар ж.б.).

4.9. Жумушчу топ тарабынан даярдалган жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуунун Планы жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн пикирлерин жана сунуштарын эске алуу максатында айылдык жыйында коомдук талкууланууга жатат.

4.10. Жергиликтүү жамааттарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуунун Планы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысынын буйругу менен бекитилет.

4.11. Эгерде артыкчылыктар өзгөрсө, План жылына бир жолудан ашык эмес кайра каралышы мүмкүн.

## 5-бөлүм. Жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу Планын ишке ашыруу боюнча мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасы

5.1. Биргелешкен мониторингдин жана баалоонун милдеттери:

- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамааттарды маалымдоо жана тартуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын ишине мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
- жергиликтүү жана (же) республикалык бюджеттердин каражаттарынан, эл аралык жана башка донордук уюмдардан, демөөрчүлөрдөн жана мыйзам менен тыюу салынбаган башка булактардан каржылануучу жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча айылдык аймактын/шаардын аймагында ишке ашырылуучу жергиликтүү демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруунун натыйжаларына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган жергиликтүү демилгелерди/долбоорлорду/программаларды ишке ашыруу процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

5.2. Жогоруда аталган милдеттерди аткаруу үчүн жергиликтүү кеңеш биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча жумушчу топ түзүүгө укуктуу.

5.3. Биргелешкен мониторинг жана баалоо боюнча топтун иши “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин биргелешкен мониторингин жана баалоону жүргүзүү жөнүндө” Типтүү жобо менен жөнгө салынат.

5.4. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишинин натыйжалары маалымат такталарына илинет, кулактандырууларга, жалпыга маалымдоо каражаттарына таратылат, ошондой эле айылдык чогулуштарга, коомдук угууларга, талкуулоо үчүн курултайга чыгарылышы мүмкүн.